*УДК* 811.111 Б.А. АРЫМБАЕВА
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

# ЭЛЕКТРОНДУК КУРСТАР ЖАНА АНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Жаңы сан ариптик (цифровой) муундун талабына жооп берүүчү электрондук курстарды жайылтып өтүүгө убакыт жетти.Берилген статьяда автор электрондук курстардын түзүү жолдору жана ал курс менен чет өлкөдө жүргүзүп келген иш тажрыйбасы жөнүндө ой бөлүшөт.*

*Пришло время активно применять электронные курсы отвечающие на требования нового цифрового поколения. В статье описываются способы создания электронных курсов и автор статьи делится своим опытом, проведенным по этой теме за рубежом.*

*It is high time to apply e-courses to meet the needs of digital generation. The article deals with the ways of creation of e-courses and the author shares with her experiences on teaching e-courses in abroad.*

Дүйнөлүк глобализация бүткүл дуйнөдөгү адамдардын күнүмдүк жашоосун жогорку деңгээлге өзгөртүүдө. Ал кубаттуу коммуникациялык байланыштардын жардамы менен бүтүндөй чоң ааламды бир дуйнөгө бириктирип, дуйнө элдерине бирдей билим алууга, иштөөгө жана саякаттоого мумкундук тузуп берип, дуйөну тездик менен өсүүгө жана өзгөртүүгө өбөлгө түзүүдө. Өзгөргөн дүйнөгө жараша андагы коом жана өсүп келе жаткан жаш муундар да өзгөрүүдө. Жаңы санариптик (цифровой) муундун көз карашы мындан бир нече аз эле жыл мурдагы муундун көз карашына караганда такыр башкача. Алар убактысын жана акчасын үнөмдөө менен көп нерсе жасоого жетишкиси келет. Дүйнөлук цивилизациядан артта калбоо үчүн алар көпту билүүсү зарыл. Алар башка чет өлкөлөрдүн окуугусу, иштегиси жана жер кыдырып, эл тааныгысы келет. Ошентип жаңы муундун талабын камсыз кылуу үчүн келечекте электрондук курстарды жайылтып отуп, аларга аз убакытта көпту үйрөтүүгө туура келет.

*Электрондук курсту түзүүнун талаптары*

Электронудук курсту түзүүдөн мурда анын негиздик талаптарын билүү абдан маанилүү. Окумуштуулар Зикушка, Шкурик(2009) электрондук курсту түзүүдө аябагандай зор эмгек жана көп убакыт талап кылаарын айтып,курсту түзүүдө төмөнкү талаптардын зарылдыгына басым кылат.

А) Курстун максатын туура койуу- курстун катышуучуларына эмнени үйрөтөбуз жана өтүлгөн курстун аягында алар эмнени үйрөнуп чыгышат жана кандай билим деңгээлге ээ боло алат.

Б)Окута турган группа- курс кимдер үчүн түзүлөт, алардын бул предмет боюнча кандай билим базасы бар жана түшүнүгү бар экенин билүү. Негизги талап курсту колдонуучулардын компьютердик сабаттуулугу жакшы болуусу абзел.

С) Курстун түзүүчүлөрү-эң негизги макста курсту түзүүчү команданы туура тандоо, курс түзүүчүлөр курстун ар бир бөлүмү боюнча милдеттүү болуп, ага жооп берүүгө даяр болушу керек. Эгерде курсту жөнөкөйлөтүп түзсө ал боюнча эксперттерди чакыруу керек. Бул эксперттер окуу китептеринин авторлору, тажырыйбалуу мугалимдер, компьютер эксперттери жана курсту алып баруучу тьюторлор боло алышат.

Д) Окутуу системасы- окуутуну башкаруу системасы окуу материалдарынын гана сакталуучу жайы болбостон бул курска катышуучулардын, тест берүүчү студентердин тьютор менен байланышты камсыз кылышы керек.

Электрондук курсту түзүүдөн мурда окумуштуу Маддендин (1999) төмөндөгу көрсөтмөлөрүн эске алсак сапаттуу курстун мазмунун түзө алабыз

1. Электрондук курска дайыма он-лайн режиминде болушу керек.

2. Курска Он-лайн кирүүгө интернет дайыма жеткиликтуу жана даяр болуусу зарыл
3. Курсту баштаардын алдында биринчи сабактан кечиктирбестен катышуучуларга өтүлө турган программа боюнча баяндама (ориентация) берүү керек. Силабуста төмөнкү материалдар камтылуусу керек:
   - Курстун аты жөну, номери;
   - Инструктордун аты жөну жана электрондук дареги;
   - Инструктордун оффис дареги жана интернеттеги жайгашкан баракча дареги;
   - Инструктордун жумуш убактысы жана телефон номери;
   - Курстун башталуучу датасы, убактысы, курстун көлөму жана катышучунун курска кире турган убуктысынын мүмкүнчүлүгү;
   - Курска керектүү окуу китептер жана материалдар;
   - Курстун планы жана анын түшүндүрмөсү;
   - Курстун маазмунунун даана так түшүндүрмөсү;
   - Билим деңгээлин баало планы, экзамен жана модулдарды берүү расписаниеси;
   - Студенттердин сабака катышуусунун белгилөөсү;
   - Студенттердин тизмеси жана алар менен жалпы жана жекеме- жеке он-лайн байланышусу.
4. Он-лайн материалдар студенттерди өзүнө тартып тургандай болуу керек .
5. Электрондук курс башка интернет булактары менен байланышып тургандай болушу керек.
6. Курс механикалык жактан ийкемдүү болуп башка сайттарга байланыш жеткиликтү болуш керек .
7. Веб баракчадан алынган материалдар курстун темасына туура келиш керек.
8. Өтүлгөн материалдар окуутунун стилдерине(окуу, жазуу, угуу, сүйлөө) туура келиш керек.
9. Материалдар логикалык жагынан туура уюштурулушу керек?
10. Студенттер курстук инструктор менен он-лайн жеңил жана ийкемдүү байланышта болуусу абзел, алар берген суроолоруна жоопту күттүрбөстөн алуусу керек.
11. Студенттер электрондук почта аркылуу берилген тема боюнча талкуулоого катышууга абзел, ошондой эле кошумча чат аркылуу байланышса да болот. Студенттерди бирдей мезгилде сабака катыштыруу талабы алардын ар-түрдү убакытка сабака койгон расписаниедеги ыңгайсыздыктан арылтат.
12. Сабактын мазмуну(content) кызыктуу болуш керек, чоң көлөмдөгү текстердин ордуна ар түрдүү жеңил жана кызыктуу көнүгүлөрдү түрдүү бойоктор менен, кыска анимациялар менен, видео клиптер менен жана аркандай үндөр менен коштоо керек.
13. Сабаттуу англис тилин колдонуш керек, сүйлөөгө караганда жазуудагы каталар одоно(оркойуп) көрүнөт, курстун материалы профессионалдык болуу керек жана инструктордун билим деңгээли жогору болуп, курс үчүн жоопкер болуш керек.
14. Он-лайн курс жакшы пландалып, тексттер туура тандалып алынышы керек.
15. Итернет баракчаларындагы материалдар тез жүктөлгөндөй болушу абзел.
16. Керек болгон мезгилде сырттан эксперттер чакырылышы керек, алар окуу китептердин авторлору ,тажырыйбалуу мугалимдер жана университеттин инструкторлорунан болушу керек.
17. Тест (текшерүү ишин )түзүүгө жана анын текшерүү процедурсына өзгөчө көнүл бурулушу керек. Билим деңгээлин баалоочу тестер кылдаттык менен иштелип чыгуусу абзел, курстун он-лайн инструкторлору студенттердин тест жазып жаткан убакытта аларга эч кандай класстагы мугалимдин көз салуусу жок экенин эске алуусу зарыл, студенттер ар кандай булактар менен пайдаланып, бири бири менен кеңешип же мурдакы курсту бүткөндөрдөн сурап билип алышы мүмкүн.
18. Берилген он-лайн курстар канча убакытка созуларын жана студентер канча убакыт курста болоруна көңүл бөлүнүшү керек.

Он-лайн курстун жакшы жагдайы студенттердин расписание боюнча каалаган убактысында кире алууга ийкемдүүлүгү. Кээ бир студенттер кундузгу убакытта кире алышыт, дагы бирөөлөр тунку убакытта, кай бирлери дем алыш күндөрү киришет,ал эми кай бир студенттерге жөндөмүнө жараша тапшырманы аткарууга көп убакыт талап болот. Мына ушул аталгандарды карап көрсөк мугалим үчүн абдан көп жумуш жана убакыт талап кылынат экенин түшүнүшүбүз керек. Ошондуктан техникалык жактан мугалимдерге жардамчы кылып LMSтен инструкторлорду кошууга туура келет. LMSтен инструкторлору дайыма техникалык жактан кеңеш жана жардам берип турушат. Жогорку окуу жайларында электрондук курсту өтүүдө веб программистер, техниктер, курстун администратору болушу керек. Керек болсо курстун мугалимдеринин техникалык жактан өздүк жардамчылары болушу керек.

*Электрондук курс боюнча изилдөө иштери.*

Еврокомиссиянын ERASMUS MUNDUS проектисинин CASIA программасыны финалисти катары Словакиадагы (SUA) СловакагроУниверситетинде жургузгон бир жылдык докторантура( PhD) мезгилинде англис тилинен интерактивдүү он-лайн курсу эффективдүулүгү бойунча илимий иш тажрыйба жургузулду.
Изилдөөнүн негизги максаты англис тили бойунча интерактивдүү он-лайн электрондук курсту өтүү, жана аны окуу системасына киргизүүнүн эфективдүлүгүн аныктоо боюнча илимий иш жана тажырыйба жүргүзүү эле. Изилдөө он-лайн интерактивдик англис тилиндеги My GrammarLab электрондук курсунун негизинде жүргүзүлдү. Изилдөө методдору: илимий теориялык жактан билимди өркүндөтүү, педогогикалык эксперимент жүргүзүү, тестирлөө, анын жыйынтыгына статистикалык анализ жүргүзүү, студенттерден суроо, жооп жана интервью алуу методдору менен жүргүзүлдү, изилдөөгө Словакианын Нитра шаарындагы SUA университетинин экономика жана менеджмент факультинин эки группасы окутууга алынды. Бири эксперименталдык группа- айкалыштырып окутуу методу менен (традициялык бетме-бет жана электрондук окуу жолу менен (blended learning), ал эми экинчи группа текшерүү (контролдук группа) жолу менен окутулду. Бул эки группа менен традициялык бетме-бет жана электрондук окутуунун сапатынын айырмасын салыштыруу үчүн изилдөө жүргүзүлдү. Берилген эки группага бирдей эле окуу прогрммасы жана окуу китеби менен окутулуп, экперименталдык группа он-лайн электрондук курс аркылуу, ал эми контролдук группа бетме-бет традициалык сабак өтүү жолу менен окутулду. Электрондук курс башталардын алдында эки группага тең диагностикалык тест берилип алардын баштапкы билиминин базасы текшерилип эки группа тең бирдей деңгээлде экени билдинди. Ал эми окутуу мезгилиндеги байкоо жана окуу жыл аягындагы тесттерде эксперимент группасындагы студенттердин билим деңгээли жогору болуп чыкты. Бул жыйынтык электрондук окуган студенттер традициалдык окуган студенттреге караганда көбүрөк билим алганы көрүнүп турат. Буга себеп электрондук курста жаны аркандай кызыктуу материалдар, бышыктоочу көнүгүүлөр, ар бир сабак боюнча кыска тесттер, студенттердин өз алдынча окуусуна өбөлгө тузуп билимин өркүндөтүүгө көмөкчү болгону көрүнүп турат.

Электрондук курстун өзгөчүлүктөрү: тапшырманы жасоого берилген өлчөмдүү убакыт (deadline) системалуу түрдө даяр турушу жана анын иреттүүлүгү. Студенттердин текшерүү иштеринин тез жыйынтыктары, автоматтык түрдө бааланып өздөрүнүн кетирген каталарын жана билим деңгээлин өздөрү түшүнүп, көрүп биле алышкандыгында. Окуутунун бул түрү студенттердин да, мугалимдердин да убактысын үнөмдөп, студенттерди англис тилин үйрөнүүгө кызыктырат.

My GrammarLab Он-лайн электрондук курсунун мазмуну(content)

Бул электрондук окуу курсу өзүнө үч деңгээлди камтыган: баштапкы, ортонку жана жогорку деңгээлдеги англис тилин үйрөнү үчүн окутуу колдонмосу. Курстун авторлору_Марк Фоли,Диана Хоол,

Пеерсон едюкейшн лимитед басма тарабынан чыккан окуу комплекси. Бул курстун өзгөчүлүгү ал үч уникалдык үч бирдектен электрондук түрү, окуу китебинен жана

мобилдик каражаттар менен окууса болот. Курсту өтүүдө андагы тютор (мугалим) видео аркылуу грамматикалык эрежелерди кыска, жөнөкөй мисалдар менен түшүндүрүп, грамматиканы контекс аркылуу түшүнүгө жардам берет. Жаңы материалдар кыска, жөнөкөй бышыктоочу материалдар менен коштолуп берилет. Студенттер аткарган тапшырмасы үчүн автоматтык түрдө система тарабынан баа койюлуп берилет. Бул курс студенттер учун өз алдынча билим алууга мыкты шарт түзүп справочник катары колдонсо да болот. Бул курс ар бир анлис тилин үйрөнүүчүагө алардын керектөөсүнө жараша жана шартына жараша үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Ар бир өтүлгөн параграфтын аягында жаңы материалды бышыктоо үчүн студенттерге кыскача тесттер берилет. Электрондук курс беш бөлүмчөдөн турат: домашняя страница(үй баракчасы), курстун мазмуну, сынак баа китепечеси, смс(маалымат жэ кат) жиберүү бөлүмчөсү жана настройка(оңдоп-түздөө). Домашняя страницадан курстун баардык секцяларын көрө аласыз. Курс 20 модулдан турат, ар бир секциянын грамматикалык түшүндүрөсү практикалык конүгүлөр жана тестерден турат. Ар бир жаңы тема (diagnostic test) диагностикалык тестен башталып,студенттердин ал тема бойунча эмне түшүнүксүз экени аныкталат. Онугуу тести (Progress test) студеттердин отулуп жаткан болумдун (unit) кандай үйрөнүп жатканын аныктайт.Бышыктоо (catch-up)көнүгүлөру прогресс тестен кулаган студенттерге дагы бир жолу материалды окуп түшүнүп кайра дагы бир жолу тест берүүгө жардам берет.Окутуунун бул турунун эн жакшы жагы студенттердин каалаган жерден, каалаган убакыттаб дуйнонун торт тарабынын интернет бар жеринен кире алышы.Ошондой эле бул курстун мобилдик версиясы бойунча,студенттер ар кандай тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү мобилдик телефонуна жүктөп алып каалаган жерден, каалаган убакытта кирүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Жыйынтыктап айтканда жаңы коомдогу сан ариптик муундун талабына ылайык шарттан артка кете албасыбызды түшүнүп,дуйнолук цивилизациядан артта калбастан,электрондук курстарды кенен колдоно баштоого убакыт жетип бышты.

**Адабияттар тизмеси**


1. My grammar lab 2012 pvi ISBN 9781408299159 Mark Foley, Diane Hall, Pearson Education Limited.
2. 2 Rosenberg, M. J. (2001). E-learning: Strategies for delivering knowledge in the digital age. New York: McGraw Hill.corporate training. [On-line]. Available:
3. 2CLARK, R. C., MAYER, R. E: e-Learning and the Science of Instruction: Proven Guidelines for Consumers and Designers of Multimedia Learning, 2nd Edition. San Francisco, CA: Pfeiffer Publishing, 2007. ISBN 978-0-7879-8683-
4. COLE, J., FOSTER,H.: Using Moodle: Teaching with the Popular Open Source Course Management System. 2. edition 2008. California: O'Reilly Media,inc., 2008. ISBN 978-0-596-52918-5
5. Commission of the European Communities: Commission Staff Working Document; The use of ICT to support innovation and lifelong learning for all – A report on progress. Brussels, 2008. [online] Available at: http://ec.europa.eu/education/lifelong-learning-programme/doc/sec2629.pdf
6. COOK, D. A., McDONALD, F. S.: E-learning. Is there anything special about the „e"? Perspectives in Biology and Medicine. Vol.51, No1. 2008. E-ISSN: 1529-8795
7. Gadushova.Z,Haskakova.A,Mala.E,Munkova.D.Haskova.A."Technology of education Terminology in Use" Praga,Verbum.2013.ISBN 978-80-87800-03-4
8. HARMER, J.: The practice of English Language Teaching. 4th edition. Essex: Pearson Education Limited, 2007. ISBN 978-1-4058-5311-8
9. Levy,J.Envision the future of e-learning.In CIO Canada .Vol .13Number 2,2005.p.2
10. 9 .Malá, Eva. 2011. E-learning as a Part of Blended Learning in Teaching Foreign Languages. [book auth.] Katerina Veselá. CA-CLIL Blending the Unblendable? Nitra : PF UKF v Nitre, 2011, V.

11. 10.Shukla, Ramesh. 2005. Dictionary of education. 1st edition. New Delhi : APH, 2005. pp. 74-75. ISBN 81-7648-879-8.
12. 11.Naidu, Som. 2006. E-learnig: A guidebook of principles, procedures and practices. 2nd edition. New Delhi : CEMCA, 2006. pp. 1-82. ISBN 81-88770-04-3.
13. 12.Mangal, S. K. and Mangal, Uma. 2009. Essentials of educational technology. 1st edition. New Delhi : PHI Learning private Limited, 2009. pp. 764-780. ISBN 978-81-203-3723-7.
14. 13.Virtual library of world conferences http://www.conferencealerts.com/elearning
15. 14. Warschauser, M,Shetser,N,Melony,Ch.Internet for English teaching.Bloomington,2000.p.178 ISBN 0-939791-88-9.
16. 15.Сайт Марка Розенберга http://www.marcrosenberg.com/ 10.
17. 16.Сайт Стефана Доуна http://www.downes.ca